КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 23-29/1

XXIX чакырылыштын 23-кезексиз сессиясы **02.10. 2026-ж**

«Чүй облустук өнүктүрүү фондуна катышуу үчүн сметаны бекитүү жана акча каражаттарын бөлүү жөнүндө»

Жаңы-Пахта айыл аймагынын 2026-жылга социалдык-экономикалык өнүгүү планы боюнча атайын техника — таштанды ташуучу унаа сатып алуу зарылдыгы жөнүндө айыл өкмөт башчысынын маалыматын угуп жана талкуулап, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

Жаңы-Пахта айыл аймагы үчүн таштанды ташуучу атайын техниканы сатып алуу боюнча 2026-жылга Чүй облустук өнүктүрүү фондунун долбоорунун сметасы 5 000 000 сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. 2026-жылга өзүнүн салымын 250 000 сом (эки жүз элүү миң сом) өлчөмүндө бекитилсин.
3. Айылдык аймактын башчысына 2026-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнө 250 000 сом (эки жүз элүү миң) өзүнүн салымын киргизүү тапшырылсын.
4. Чүй облустук өнүктүрүү фонду жактыргандан кийин тиешелүү акча каражатын айылдык аймактын башчысына бөлүп берүү каралсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы М.К. Абдыкеримовго жүктөлсүн.

Жаңы-Пахта айылдык кеңешини төрагасы **Саитбеков З.М.**